**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж. № 10 Бишкек ш.

**Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №22 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 388 токтомунун (№ 6э/к-4/8 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча) адистиги боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Сартбекова Нуржан Коодоевна; 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча); 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы менен методикасы (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, доцент Ажыбаева Айнура Жакшымбековна Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Исамидинов Искендер Чоңмурунович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча), 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды; К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректору, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Иманбаев Аскарбек Асангазыевич 13.00.04 - дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**